Гүлжан

Жайлоонун жашын ыраны,

Жайкалган шибер туланы.

Аркырап аккан кашка суу,

Ак монгу тоонун булагы.

Кулпунган торго жайылган,

Гулжандын козу, улагы.

Мингени тулпар торудан,

Кийгени жибек сонундан.

Мээлегенин жаза атпайт,

Мылтыгы тушпой колунан.

Кайтарганы кой, эчки,

Калбанын бийик боорунан.

Алтын кокул, жибек чач,

Ай чырайлуу кара каш.

Жакуттай жаркын эки коз,

Жагалданган шайыр жаш.

Балбылдаган коздорун

Тан чолпондой айрылбас.

Айлана корком корунгон,

Ак соктолуу кобургон.

Аралатып малдарын,

Асылын чопту жедирген.

Ала-тоолук чабан кыз,

Ар дайым кетпейт конулдон.

Көрүүлөр: 1430